К. Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинин 2-11-класстарынын кыргыз тили жана орус тили дептерлеринин абалы тууралуу маалымат.

2021-22-окуу жылы

Мектепте 2-11-класстар арасында жалпысынан 10 класс комплектиси бар.

Башталгыч класстык окуучуларынын кыргыз тили №1 №2 жана жат жазуу, дилбаян жазуу дептерлери толугу менен бар. 5-классынын окуучуларынын дептерлеринин абалы жакшы, бардык окуучулар сулуу жана катасыз жазганга аракет кылышат кыргыз тили мугалими Джаманкулова Алтынай тарабынан убагында текшерилип, каталары бар болсо, эскетүүлөр берилип турат. Өзгөчө Канаева З. Тилекова А. Эсеналиевдин кол жазмалары абдан сулуу, ката кетирбей жазгандыгы көрүнүп турат.

10-класста 14 окуучу окуйт, баардыгынын дептерлери бар. Бул класста бир гана окуучунун дептери начар болуп чыкты. Ал Токонов Эльмир, жазууда каталарды көп кетирет, кол жазмасы дагы начар.Калган окуучулар бир калыпта дептерлерин таза, тыкан пайдаланышат.

11-класста 13 окуучунун дептерлери текшерилди. Дептерлеринин жалпы абалы жакшы. Молдолиев Жумгалбек жана Жолдошбеков Бекболсундун гана дептерлери талапка жооп бербейт.

Предметтик мугалим-Джаманкулова Алтынай

9-класста 11 окуучу бар. Көпчүлүк окуучулардын дептерлери таза тыкан, кол жазмалары жакшы, жазууда каталарды аз кетиришет.

Алар: Токонова Амина, Чыйбылова Алина, Молдобекова Назик, Рамисов Арсен, Болотбек уулу Турсунбек, Базарбек уулу Өмүрбек. Ал эми Абдулазимов Эрназардын, Насухаев Акбардын дептерлеринин абалы начар, кол жазмалары начар. Предметтик мугалим Бектурсунова Чолпон бул окуучулар менен тыгыз иш алып барып жатканын белгилеп өттү.

Орус тили дептерлеринин абалы

2-11-класстарда орус тили дептерлери текшерилди

Ар бир класстан дептерлери начар деп эсептелинген жогоруда аты аталган окуучулардын бул предметтен деле ошондой абалы байкалды. Бирок кыргыз тили предметине караганда орус тилинен каталарды көп кетиришет. Ар бир окуучунун №1,2,3 дептерлери бар. Предметтик мугалимдер Кокумова Ж. Кожонтаева К. Бардык окуучунун дептерлерин текшерип, кетирген каталарына эскертүүлөр берилип ар бир класстыкы өзүнчө тизмек коюлган.

3-класс төмөнкү окуучунун дептери начар абалда.

Сарлыков И. Дүйшөнбекова К. Адилетов К.

4-класс төмөнкү окуучулардын дептерлери начар абалда.

Абдулазимов К. Айтыкулова А.

7-класс төмөнкү окуучунун дептерлери начар абалда.

Өмүрзаков М. Төлөнов Б.

9-класс төмөнкү окуучунун дептерлери начар абалда.

Аскарбеков Б. Насухаев А.

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Кокумова Ж.А.